КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз VII сессиясы**

# ТОКТОМ №7/10

**2024-жылдын 24-июль** **Үч-Коргон айылы**

Чаувай айылындагы IT мектебин ижарага берүү жана пайдалануу **жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенствосунун “Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбооруна кошумча каржылоо CASA-1000” долбоорунун координатору М.Э. Баялиевдин 2024-жылдын 19-июнундагы №1—498 катынын негизинде билдирүүнү угуп жана талкуулап, Үч-Коргон айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Уч-Коргон айыл аймагынын Чаувай айылында Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенствосунун “Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбооруна кошумча каржылоо CASA-1000” долбоорунун алкагында Чаувай айылына IT мектеп уюштурулуп, жумуш орундары түзүлгөндүгү жана Кыргыз Республикасынын Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенствосунун “Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбооруна кошумча каржылоо CASA-1000” долбоорунун координатору М.Э. Баялиевдин 2024-жылдын 19-июнундагы №1—498 каты көңүлгө алынсын жана канааттандырылсын.
2. Чаувай айылындагы IT мектеп бизнес-өнөктөшкө убактылуу пайдаланууга ижарага берүүгө макулдук берилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы О.М.Шакировго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрайым:** **М.Кочконова**